УДК: 811.512.154

*Абдыкалыкова А. А., филол. илим. канд.*
*aisuluua@mail.ru*
*И. Арабаев ат. КМУ, Кыргызстан*

# ЭШЕНААЛЫ АРАБАЕВ ЖАНА КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ – КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИНИН НЕГИЗДӨӨЧҮЛӨРҮ

*Бул илимий макалада кыргыз тил илиминин негиздөөчүлөрү: биринчи алиппенин автору Э. Арабаев жана кыргыз тилинин фонетикасын, лексика, лексикографиясын, терминологиясын, алфавит, орфографиясын, грамматикасын (морфология, синтаксис), тиешелүү традициялык маселелерин илимий-нормативдик аспектиден терең териштирип аныктаган окумуштуу, профессор К. Тыныстанов тууралуу сөз болот.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *алиппе, тыбыш, тамга, графика, алфавит, грамматика, грамматикалык категория, морфология, синтаксис, морфонология, лингвистика, концепция, агартуучу ж.б.*

*Абдыкалыкова А. А., канд. филол. наук*
*aisuluua@mail.ru*
*КГУ им. И. Арабаева, Кыргызстан*

# ЭШЕНААЛЫ АРАБАЕВ И КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ – ОСНОВОПОЛОЖНИКИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКОЗНАНИЯ

*В данной научной статье речь идет об основоположниках кыргызского языка, кыргызского языкознания: авторе первой азбуки Э. Арабаеве и о первом профессоре К.Тыныстанове, глубоко исследовавшем фонетику, лексику, лексикографию, терминологию, алфавит, орфографию, грамматику (морфология, синтаксис) кыргызского языка, а также традиционные вопросы с точки зрения научно-нормативного аспекта.*

**Ключевые слова:** *азбука, букварь, звук, буква, графика, алфавит, грамматика, грамматическая категория, морфология, синтаксис, морфонология, лингвистика, концепция, просветитель и т.д.*

*Abdykalykova A. A., candidate of philology*
*aisuluua@mail.ru*
*KGU, E. Arabaev, Kyrgyzstan*

# E. ARABAEV AND K. TYNYSTANOV ARE THE FOUNDERS OF KYRGYZ LINGUISTICS

*This scientific article is devoted to the founders of the Kyrgyz language and linguistics, the author of the first alphabet - E. Arabayev and professor K. Tynystanov who investigated the phonetics, vocabulary, lexicography, terminology, alphabet, orthography, grammar (morphology, syntax) of the Kyrgyz language, and determined relevant traditional issues from point of view of the scientific-normative aspect.*

***Keywords:*** *alphabet, sound, letter, graphics, grammar, grammatical category, morphology, syntax, morphonology, linguistics, concept, education, etc.*

Жалпыга белгилүү, тил илиминин өнүгүш эволюциясын кыймылга келтирүүчү негизги фактор – практикалык муктаждык, коомдук зарылчылык, б. а., ораторлук өнөрдү өркүндөтүү, ораторлукка үйрөтүү, кыргыз тилдүүлүктү калыптандыруу, алфавит жаратуу, жазуу-сызууну өркүндөтүү, глоссарий, сөздүк түзүү, нормативдик грамматикаларды иштеп чыгуу, тарыхый жана жазма эстеликтерди анализге алуу, тил үйрөтүү, жалпы элге өз эне тилин окутуу, чет тилдерин билүү зарылчылыгы ж. б. экендиги талашсыз. Биздин заманга чейинки Панининин, Самофракийскийдин, Присциандын грамматикаларынан тартып, Э. Арабаевдин, К. Тыныстановдун грамматикаларына чейин эле практикалык муктаждыкты канааттандыруу негизги максат болгондугу белгилүү.

А. Байтурсуновдун өз колу менен 1929-жылы орус тилинде жазган өмүр баяны бар. Бири «Автобиография» деп аталат да, ал 1929-жылдын 21-августунда жазылган, экинчиси «Жизнеописание» деп аталып, 1929-жылдын 8-марты көрсөтүлгөн. Анда 1910-жылы Оренбург шаарына келгенден кийин, биринчиден, казак тилин фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик жактан изилдөөгө; экинчиден, казак алфавитин реформалоо жана орфографиясын жөнгө салууга; үчүнчүдөн, казак жазма кебинин лексикалык жагын жана синтаксистик түзүлүшүн чет элдик таасирден арылтып тазалоого; төртүнчүдөн, … казак сөздөрүнүн негизинде илимий терминдерди жасоо аркылуу прозаны эл колдонуп турган оозеки тилдин нугуна түшүрүү үчүн изилдөө жүргүзүүгө киришкен.

Жогорку ой-максаттарын ишке ашыруу багытында Ахмед Байтурсунов 1912-жылы Оренбург шаарында «Окуу куралы» деген ат менен казак тилиндеги биринчи алиппени түзүп, басмадан чыгарат. Мындан тышкары, «Тил-курал» аттуу үч бөлүмдөн турган казак тилинин нормативдик грамматикасы тилдин фонетикасын, морфологиясын жана синтаксисин сыпаттоого арналып, 1914-1915-жылдары жарык көрөт. Ал эми казак тилинин 2 бөлүмдөн турган практикалык грамматикасы «Тил жумсар» деген ат менен 1928-жылы Кызык-Ордодо жарык көрөт. Казак тилинде ушул күнгө чейин лингвистикалык термин катары колдонулуп жүргөн «зат есім», «сын есім», «етістік», «есімдік», «одагай», «истеу», «шылау», «бастауыш», «баяндауыш» деген сыяктуу ж. б. лингвистикалык көптөгөн терминдер – Ахмед Байтурсуновдун жогоруда аталган эмгектеринде колдонулган терминдер.

Биздин пикирибизде, профессор К. Тыныстановдун лингвистикалык концепциясынын жаралышына, анын кыргыз тил илиминин баштоочусу катары калыптанышына жана улуттук илимий грамматикалык традициянын өзөктөнүшүнө салым кошкон улуу окумуштуу болушуна

ушул жана башка бир топ кыйыр факторлор, орус грамматикалык традициясынын өкүлдөрүнүн эмгектери сыяктуу А. Байтурсуновдун «Окуу куралы» менен «Тил-куралы» да чоң база болгондугу төгүн эмес. К. Тыныстанов үчүн жогоруда белгиленген жана белгиленбей калган авторлордун эмгектери илимий-теориялык, окуу-методикалык, дидактикалык база болуу менен, анын тилчилик чоң дарамети, жөндөм-таланты кыргыз тилинин конкреттүү факт-материалдарын жалпы тил илиминин концептуалдык принциптери аркылуу анализдеп сыпаттоого мүмкүнчүлүк бергендигин белгилемекчибиз.

Проф. К. Тыныстановдун лингвистикалык концепциясы жок жерден эле алынып, такыр жерден эле жаралбады. Ал өзүнүн лингвистикалык көз караштарын негиздөөдө, кыргыз тилинин тилдик материалдарын жалпылаштырып, улуттук нормативдик грамматиканы түзүүдө, терминология маселесин иштеп чыгууда жана грамматикалык материалдарды ырааттуу жайгаштырып системалаштырууда өзүнө чейинки лингвистикалык ой-пикирлерди терең өздөштүрүп, аларды өзүнүн тилчилик кудурет-күчүнүн, дарамет-дасмиясынын элегинен өткөрүп, грамматикалык даяр схемаларды, калыптарды үлгү катары кеңири пайдаланган. Термин жасоонун жалпы лингвистикалык моделдерин, типтерин өз боюна сиңирген. Кыргыз тилинин грамматикалык, типологиялык түзүлүшүн аныктаган агглютинация механизмине төп келген курамалык, уламалык законченемдүүлүктөрүн терең өздөштүрүп, кеңири ачып берүү менен, кыргыз тил илимин жаратууну, калыптандырууну жана аны өнүктүрүүнү улуттук кыртыштагы формалар менен айкалыштырган.

К. Тыныстановдун лингвистикалык концепциясы, илимий-теориялык мурастары бир нечелеген атайын изилдөөлөрдүн предметине айланарына шек жок… Ошондой болсо да кыргыз тилин окуу предмети катары системалаштырууга эң алгач чыйыр салып, анын БИРИНЧИ АЛИПЕСИН, түзүп, кыргыз тил илиминин жаратылышына негиз болуучу эмгек жазып, бир нечелеген окуу китептерин жараткан Эшенаалы Арабай уулу экендигин айтпай, белгилебей, сөз кылбай коюу, менимче, калыстык болбос. Анткени бул эки адам – кыргыз тил илиминдеги, анын илим катары калыптанышындагы, өнүгүп-өркүндөшүндөгү эки бийик чоку, теңдешсиз эки залкар. Булардын тарых чаңына басылган мурастарын иликтеп-изилдөө аркылуу гана кыргыз тил илиминдеги ар биринин ордун так аныктап, кимиси эмне иш кылгандыгын белгилеп, салымын салмактай алабыз. Арийне, айрым бир адамдар аракеттенишкендей, экөөнү бири-бирине карама-каршы коюуга да, бири биринин окутуучусу, бири биринин шакирти деп кароого да болбойт. Анткени экөө эки башка илимий-

практикалык позицияда болгон, дүйнөлүк лингвистиканын эки башка традициясынан, бири европалык, экинчиси араб тил илиминин традициясынан башат алышкан. Бирок, ошого карабай, экөө тең кыргыз тили, кыргыз тил илими үчүн агедил аруу кызмат өтөшкөндүгү менен баалуу, барктуу жана унутулгус»…

Арийне, ушул жерде принциптүү бир маселе жагдайында да кеп кыла кетүү өтө зарыл болуп тургансыйт. Анткени кыргыз тил илиминин “төл башылары” Э. Арабаев менен К. Тыныстанов экендиги талашсыз. Бирок кыргыз тил илиминин башаты, тарыхы жөнүндө кеп кылганда, Касым Тыныстан уулунун эмгеги өзгөчө айтылып, Эшеналы Арабай уулу көлөкөдө көмүскө калгансып да жүрөт. Туура, кыргыз тил илиминин башаты Касым Тыныстановдун эмгектеринен, анын уюштуруучулук ишмердигинен башталат. Анын Эл агартуу комиссары, Кыргыз маданият курулуш институтунун директору, илимий кызматкери болуп иштеши буга түздөн-түз өбөлгө түзөт. Касым Тыныстан уулу кыргыз тилинин фонемалык системасын аныктоого, кыргыз тилинин нормативдик грамматикасын түзүүгө, терминологиясын иштеп чыгууга, орфографиялык эрежелерин аныктоого… көңүл буруп, бул маселелердин илимий-теориялык негизин аныктап, принциптерин, аспектилерин белгилөөдө чоң иштерди жасагандыгында жана кыргыз тилин окутууга байланыштуу иштерди уюштуруунун башатында тургандыгында талаш жок. Анын ушундай тагдырына тарыхый шарт себепкер болгон.

Туура, кыргыз тил илиминин жаралышында, өнүгүшүндө жана калыптанышында бул эки инсандын өз орду, өз салмактары бар. Мында талаш жок. Бирок ошондой болсо да, кыргыз тил илиминин тарыхында эң алгач окуу китебин, жазуу традициясын баштаган, өз тилин өз урпактарына окутуу максатын аркалаган окуу китебин жазып сунуштаган агартуучу- аалым Э. Арабаев экендигинде күмөн жок. Жогору жакта туура белгилегендей, бул эки агартуучу лингвистикалык эки башка традицияда турганы менен, кыргыз тилинин тигил же бул маселесин аныктап териштирүүдө К. Тыныстанов Э. Арабаев түзгөн «Алиппе жаки төтө окуу» [2], «Жазуу өрнөктөрү» [3], «Кыргыз алиппеси» [4], «Саамалык» [5] менен жакындан таанышып, андагы грамматикалык материалдарды, методикалык ыкмаларды терең өздөштүргөндүгүндө күмөн жок. Андыктан анын лингвистикалык жалпы көз караштарынын калыптанышында Эшенаалы Арабаев да белгилүү даражада роль ойногондугу, анын эмгектери да К. Тыныстановдун лингвистикалык көз караштары үчүн илимий-метологиялык негиз боло алгандыгын танууга болбойт…

Арийне, К.Тыныстановдун лингвистикалык жалпы көз караштарына болгон кызыгуунун акыркы мезгилдерде өзгөчө мааниге ээ болуп

жаткандыгы, баарыдан мурда, кыргыз тил илиминин жаралышында жана өнүгүшүндө, анын нормативдик грамматикасын түзүүдө, илимий терминологиясынын иштелишинде, графика, алфавит системасын аныктоодо, орфографиянын принциптерин иштеп чыгуу маселелеринде жана алардын практикалык аспектиден текшерилип чечмеленишинде К. Тыныстановдун негиздөөчүлүк, алгачкы изилдөөчүлүк ролу менен байланышса, экинчиден, айрым бир лингвистикалык жалпы мүнөздөгү илимий-теориялык проблемаларды коюу, аларды кыргыз тилинин факт-материалдарынын негизинде чечмелеп берүүгө аракет жасагандыгы жана ал проблемалар бүгүнкү күндө да актуалдуу маселе катары изилдеп-иликтөөнүн алкагында экендиги менен түздөн-түз байланышкан. Ошону менен эле катар К. Тыныстановдун илимий-теориялык мүнөздөгү айрым идеялары жана тигил же бул маселелерге карата жеке көз караштары кыргыз тил илими үчүн гана эмес, жалпы эле түркология үчүн да белгилүү даражада илимий-методикалык база боло алгандыгы шексиз. Алсак, сингармонизм жана анын лингвистикалык табияты жөнүндөгү көз караш кыргыз тил илиминде гана эмес, жалпы түркологияда алгачкылардан болуп К. Тыныстанов тарабынан айтылган жана ал үндүүлөрдүн гана эмес, сөздөгү жалпы эле тыбыштык үндөшүү катары аныкталган [6]. Түрк тилдериндеги муун типтерин жана алардын фонетикалык курамын териштирип кароого жана XX кылымдагы тил илиминин жаңы багыты – морфонология жөнүндөгү маселени көтөрүүгө аракеттениши [7] анын лингвистикалык жалпы көз караштарындагы негизги меселелерден болгон. Атактуу Е. Д. Поливановдун пикири боюнча, «Батыш Европа окумуштууларынын морфонология боюнча айткандары менен таанышпай туруп гана өз талантынын, тилчилик кудурет-күчүнүн аркасында ал маселени өз деңгээлинде көтөрө алган жана кыргыз тилинин факт-материалдарынын негизинде конкреттүү көрсөтө алган окумуштуу болгон» [8]. Ошол эле учурда К. Тыныстанов тилдин системалык деңгээлдери, грамматикалык структурасы, фонетикалык түзүлүшү, илимий терминологиясы, графика, алфавит, орфографиянын практикалык жана илимий-теориялык маселелери жөнүндө принциптүү көз караштарын, бүтүн концепциясын сунуштаган окумуштуу катары да каралышы шарт. Демек, кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү катары анын өнүгүшүнө, калыптанышына илимий-теориялык маселелеринин көтөрүлүшүнө К. Тыныстанов өзгөчө таасир эткендигин жана муну чечмелеп, далилдеп көрсөтүүгө аракеттенүү өтө зарыл жана таанып-билүүчүлүк тарыхый мааниге ээ экендигин танууга болбойт.

К. Тыныстанов – чыгармачыл ишмердигин, бүткүл күч-аракетин, бар кайратын илимий-педагогикалык, маданий жаратмандык ишке сарп

кылган, кыргыз алфавити менен орфографиясынын принциптерин иштеп чыгуу, кыргыз тили боюнча окуу китептерин түзүү эң негизги максатым деп билген окумуштуу.

1924-жылы анын «Окуу китеби», 1926-жылы «Чоңдор үчүн алиппеси» жана кыргыз тили боюнча башталгыч класстарга арналган «Биздин тил» окуу китеби араб тамгасында жарык көрөт. Кийин «Ене тили» деген ат менен 1928-жылы реформаланган жаңы тамгада биринчи, 1929-жылы экинчи жана 1930-жылы үчүнчү басылышы чыгат. 1931-жылы «Ене тили» окуу китебинин II бөлүмү жана 1927-жылы чоңдорго арналган окуу китеби «Окуу-жазуу бил» да Москвадан басылат. 1929-жылы биринчи баскыч мектептердин биринчи бөлүмдөрү үчүн арналган «Жаңы айыл» окуу китеби жарык көрөт.

К. Тыныстанов ар мезгилде учурдун талабына ылайык кыргыз орфографиясынын туура багыт менен өнүгүшүнө иштиктүү таасир эткен, кыргыз адабий тилинин калыптанышына туура жана кеңири жол көрсөткөн ири окумуштуу болгон. 1934-жылдын май айында Фрунзе шаарындагы жогорку жана орто мектептердин мугалимдеринин жана илимий кызматкерлеринин кеңешмеси чакырылып, ал кеңешмеге Киробкомдун жетекчилери менен өкмөт мүчөлөрү катышат. Ал кеңешмеде К. Тыныстанов кыргыз адабий тилинин жаңы орфографиясынын долбоору жөнүндө доклад жасайт, анын доклады угулуп, толугу менен жактырылып, кыргыз адабий тилинин жана орфографиясынын ал сунуш кылган долбоорун бекитет. К. Тыныстанов ал докладында кыргыздын адабий тили кандай булактардын эсебинен байып жаткандыгын, кыргыз тилинде канча диалектинин бардыгын, кыргыздын адабий тили кайсы диалектинин негизинде курулгандыгын жана кыргыз адабий тили мындан ары кандай багытта өнүгүүгө тийиш экендигин ачык белгилеген [9]. Ошол бекитилген кыргыз орфографиясынын принциби, негизинен, дал ушул кезде да биздин адабий тилибизде колдонулуп келе жатат.

1930-жылдан тартып 1937-жылга чейин Кыргызстандын маданият курулушу институтунун директору жана илимий кызматкери болуп иштеп турган. Бул институтта иштеп жүргөн кезинде Терминология комиссиясына жетекчилик кылган да, Тойчу уулу Ыбрай менен бирдикте «Терминдер (Коом-економика терминдери)» сөздүгүн түзгөн. Андагы терминдер «Философия терминдери» жана «Саясий-коом терминдери» деп 2 топко бөлүнүп, 2789 терминден турган. Бул кыргыз тилинде жарык көргөн туңгуч сөздүк болгон [10].

1933-34-жылдарда кыргыз лексикасындагы уңгу сөздөрдү оңой жол менен тез жыйноо максатында К. Тыныстанов өзүнчө илимий таблица ойлоп чыгарат. К. Тыныстановдун ал таблицасы жөнүндө Кыргыз эл

агартуу комиссиариатынын орун басары Панов өзүнүн «Кыргызстандын маданий курулушу үчүн Касымдын таблицасы кымбаттуу кошумча» аттуу макаласында: «Таблицаны ар ким колдоно алат. Эл агартуу комиссиариатынын коллегиясы бул таблицаны тапканы үчүн Касымга ыракмат айтып, өз ишине большевиктик техниканы колдонгондугу үчүн сыйлык берилсин» - деген чечим жөнүндө жазган [11].

К. Тыныстановдун 5-6-класстар үчүн жазган «Кыргыз тилинин морфологиясы» 1934-жылы КАССР Агартуу Комиссарынын уруксаты менен биринчи жолу жарык көрөт. Кыргыз тилинде системалык билим берүү максатындагы бул морфологиялык китеби илимий-методикалык түзүлүшү жагынан өз учурунда абдан жогору бааланып, жалаң гана окуучулар, мугалимдер үчүн гана эмес, бүт коомчулук тарабынан жылуу кабыл алынат.

6-7-8-класстар үчүн жазылган «Кыргыз тилинин синтаксиси» 1936-жылы «Кыргызстан» басмасынан жарык көрөт.

Жогорудагы эмгектеринин негизинде К. Тыныстанов Орто Азия боюнча туңгуч «Кызыл Профессор» деген наамды Москвадагы Чыгыш таануу институтунун Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен алган. Ал наамды аларда академик Н. Я. Марр башкарган илимий Кеңеште тил жөнүндө мыкты доклад жасайт. Илимий Кеңештин аягында академик Н. Я. Марр сүйлөп, К. Тыныстановго «Кызыл Профессор» наамын тапшырган.

Анын орчундуу эмгектеринин дагы бири – «Орто мектептер үчүн кыргыз тилинин программасы». Бул программанын долбоору Кыргыз ССРинин Эл агартуу комиссары тарабынан бекитилип, 1937-жылы басылып чыгат. Анын түшүндүрмөсүндө программа окуучуларга мурун белгисиз маалыматтарды берүү менен катар, өткөн жылдагы алынган билимдерди бышыктоого, тереңдетүүгө жана жалпылоого арналгандыгы айтылат. Ошону менен эле катар, мугалимге программадагы кайсы материал, кайсы тема кандайча түшүндүрүлүшү керектиги көрсөтүлүп, кайсы класста канча саат өткөрүлөрү белгиленет.

Арийне, К. Тыныстановдун лингвистикалык жалпы көз караштарына карата болгон кызыгуу кыргыз тил илиминде акыркы учурларда күндөн-күнгө күчөөдө. Бул, баарыдан мурда, кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү катары анын башатында тургандыгы жана кыргыз тилинин фонетикасына, лексикографиясына, терминологиясына, алфавит, орфографиясына, морфологиясына, синтаксисине тиешелүү традициялык маселелерди илимий-нормативдик аспектиден терең териштирип аныктоого аракеттенген ишмердиги менен шартталса, экинчиден, XX кылымдын 30-жылдарынан тартып илимий-теориялык айрым бир проблемаларды

көтөрүү менен, аларды кыргыз тилинин конкреттүү факт-материалдарынын негизинде териштирүүгө жана аныктоого бел байлаган аракети менен түшүндүрүлөт. Ошол эле учурда анын сингармонизмдин табияты, морфонологиянын, орфографиянын, терминологиянын негиздери, сөз жасоонун, сөздөрдү түркүмдөргө бөлүштүрүүнүн принциптери жана аспектилери жөнүндөгү пикирлери азыркы кыргыз тил илиминде гана эмес, жалпы эле түркологияда улантылуу менен, теориялык тил илиминин принциптерине үндөш өнүгүүдө. Ал эми кыргыз тилинин фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик системасынын бүгүнкү күндөгү изилденишине жана анын илимий-теориялык деңгээлине, дегеле, кыргыз тил илиминин илим катары жаралышына, өнүгүшүнө К. Тыныстанов күчтүү таасир эткендигин танууга мүмкүн эмес.

К. Тыныстанов – кыргыз тил илиминин жаралышында жана өнүгүшүндө анын нормативдик грамматикасын негиздеп, айрым бир лингвистикалык жалпы мүнөздөгү илимий-теориялык проблемаларды кыргыз тилинин факт-материалдарынын негизинде чечмелеп берүүгө аракет жасаган окумуштуу. Ал 1934-жылдарга чейин лингвистикалык маселелер боюнча илимий-теориялык мүнөздөгү эмгек жазууга мүмкүнчүлүгү болбогон. Кыргыз тилинин илимий-теориялык маселелерине Тыныстановдун акылы жетип, кудурет-күчү келип турса да, анын практикалык меселелеринен колу бошобой, б. а., ал I-II баскычтагы окуучулар үчүн, 5-6-7-8-класстын окуучулары жана чоңдор үчүн да окуу китептерин жазуу менен алектенип, теориялык иш жазууга убактысы жетпеген. Бирок мектеп окуучуларына арнап жазган жогорку окуу китептеринин бардыгында тең кыргыз тилинин илимий-теориялык тигил же бул маселелери зарылчылыгына жараша каралган жана өз мезгилинин талабына ылайык чечмеленген.

1920-30-жылдарда мектеп окуучулары жана чоңдор үчүн сабат ачкыч окуу китептеринин жетишсиздигинен улам, бар күч-аракетин ушул багытка жумшап, «Окуу китебинде»: «бул китеп ашыглык менен жазылды, бул китеп билим кыстагандыктан эмес, зарылдык кыстагандыктан жазылып отурат. айтор «жоктон бар артык» дегенди еске алып, кур алакан отурган мектептерибизди соорото туралы дедик. көч жүрө-жүрө түзөлөт», ар бир жолдош: «ат болгончо, айак ылоо» дегенди еске тутса болгону» десе [12], «Ене тилибиздин» II бөлүгүндө мындай дейт: «көп заңдар жөнүндө илим тейорийа жагынан бул китепте сүйлөнбөдү. бул китептер (I, II китеп) окуучулардын (елдин) белгилүү гана түркүмдөрүнө арналгандыктан, илим тейорийа жагынан өтө чатак маселелерди сүйлөөгө өзү да артык баш. бул китепте жазуу ережелери туурасында түк айтылган жок. мунун себеби – жазуу ережелери жөнүндөгү китеп айрыкча болууга керек» [13] (баш тамга болгон эмес – А. А.).

К. Тыныстанов кыргыз тилинин окуу китептерин жазууда тилдик конкреттүү факт-материалдарды анализдеп, түшүндүрүүнүн негизинде аларды жалпылаштырып, бир калыпка салып, илимий-теориялык корутунду чыгарууга аракеттенген. Мисалы, «Биздин тилде», «Ене тилибизде», «Тил сабагы» окуу китептеринде сабактардын структурасы бирдей берилген, б. а., тема, байкоо, кызматтар жана суроолор менен корутундудан туруп, анда темага карата мисалдар, көнүгүүлөр менен бекемделип, жыйынтыктар чыгарылат. А бул болсо лингвистикалык жалпы көз караштын калыптандыруунун зарыл шарты экендиги талашсыз.

К. Тыныстанов кыргыз тилинин нормативдик грамматикасын түзүүдө казак окумуштуусу А. Байтурсуновдун эмгектерин үлгү катары пайдаланган. Ошону менен бирге эле кыргыз окумуштуусу Э. Арабаевдин эмгектеринин да таасири бар. Э. Арабаевдин «Кыргыз алиппеси» [14], «Саамалыгы» [15] менен К.Тыныстановдун окуу китептери түзүлүшү жагынан үндөшүп турат.

Албетте, К. Тыныстанов өзүнчө илимий мектеп түзүүгө үлгүрбөгөн. Илимий-чыгармачыл ишмердиги артып, нормативдик грамматикаларды түзүп, эми илимий-теориялык проблемаларды көтөрүүгө жана териштирүүгө бел байлаган чакта мертингендиги белгилүү…

Э. Арабаевдин, К. Тыныстановдун окуулуктары, эмгектери, нормативдик грамматикалары, терминдери, орфография боюнча жазган материалдары – бүгүнкү күндө колдонулуп жүргөн окуу китептеринин, грамматикаларынын негиз-башаты.

**Адабияттар:**

1. Байтурсунов А., архив. дело №209
2. Арабаев Э., Сарсикеев Х. Алиппе Жаки төтө окуу. 1911.
3. Арабаев Э. Жазуу өрнөктөрү. 1912.
4. Арабаев Э. Кыргыз алиппеси. - Ташкент, 1924.
5. Арабаев Э. Саамалык. - Москва, 1925.
6. Касым Тыныстан уулу. Биздин тил. - Ташкент, 1927. -10-б.
7. Тыныстанов К. Проэкт новой орфографии киргизского литературного языка. - Фрунзе,1934.
8. Поливанов Е. Д. КР ИУА, инв.318, д.21, 1-2-б. 1934.
9. Тыныстанов К. «Маданий майдан». 1934, №78, 18-23-б.
10. Тойчу уулу Ы., Тыныстан уулу К. 1933.
11. Бектенов З. Замандаштарым жөнүндө экерүү. -Бишкек, 1996. -39-б.
12. Касым Тыныстан уулу. Окуу китеби. - Ташкент, 1924. -3-б.
13. Касым Тыныстан уулу. Ене тилибиз. II китеп. - Москва, 1931. -3-б.
14. Арабаев Э. Кыргыз алиппеси. - Ташкент, 1924.
15. Арабаев Э. Саамалык. - Москва, 1925.